**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин**

**Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн**

**2022-жылдын 31-октябрында өткөрүлгөн кезектеги**

**Кеңешинин отурумунун**

**№2 ПРОТОКУЛУ**

**Кенешменин торагасы:** ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы

**Кенешменин катчысы:** Жусуева Толгонай Сатаркуловна

Катышкандар: 8

**Келбегендер: -1**

**Каралуучу маселелер:**

1. **Бакалавр багыты боюнча бүтүрүүчү калификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин бекитүү;**
2. **Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш алуу менен) мониторингдин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитүү;**
3. **Ар түрдүү маселелер.**

**1. Бакалавр багыты боюнча бүтүрүүчү калификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин бекитүү.**

**Угулду:**

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу кенешменин катышуучулары!

Кенешмени ачып алсак. Баары –"Макул" , Каршы – Жок, Калыс- Жок.

Бүгүнкү кенешмеде карала турган биринчи маселе 2023-2024-окуу жылына карата бакалавр багыты боюнча бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин бекитүүбүз керек. Ошондуктан сөздү программа жетекчилерине берсек.

Программа жетекчилери, сөз сиздерде.

1. **Окутуучу Эсенали кызы Гулзина, “Экономика” адистигинин программа жетекчиси-** Саламатсыздарбы кенешменин катышуучулары! “Экономика” багытынын бүтүрүүчүлөрүнө квалификациялык иштин темалары берилип, тандалып, жетекчилер такталды.

**2. Окутуучу Жусуева Толгонай Сатаркуловна “Туризм” адистигинин программа жетекчиси** –Урматтуу кенешменин катышуучулары! “Туризм” багыты боюнча бүтүрүүчүлөргө темалар бөлүнүп берилди жана квалификациялык ишти жазуунун жолдору студенттерге түшүндүрүлдү.

**3. Доцент Орозов Максатбек Омурбекович “Программалык инженерия” адистигинин программа жетекчиси-** Урматтуу кенешменин катышуучулары! “Программалык инженерия” багытынын бүтүрүүчүлөрүнө дипломдук иштин темалары берилип, жетекчилер такталып, темаларынын үстүндө иштеп жатышат.

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.н.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу окутуучулар! Биринчи маселени бекитүү үчүн токтом кабыл алууну добушка салсак.

Баары –“Макул”

2. **Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш алуу менен) мониторингдин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитүү;**

**Угулду:**

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.н.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу кенешменин катышуучулары! Экинчи маселе боюнча айта турган болсок, 2023-2024-окуу жылында бөлүмдүн окуу жүгүндөгү 1-курстардан бир эле Программалык инженерия бар. Ошого байланыштуу бир группадан базалык билимдери боюнча тестирлөө жүргүзүлгөн. Анда эмесе, жыйынтыгы боюнча Жусуева Толгонай эжекеге сөз берсек

**Сүйлөдү:**

**Окутуучу Жусуева Толгонай Сатаркуловна,** Урматтуу кенешменин катышуучулары, 1-курс Программалык инженерия адистигинен “Кыргыз тили”, “Англис тили”, “Математика” жана “Информатика” сабактарынан базалык билимин баалоо максатында мониторинг жүргүзүлдү. Жалпысынан орточо ала турган болсок, билим деңгээлдери төмөн деп эсептөөгө болот.

Кыргыз тили абсолюттук жетишүү 90%, сапаттык жетишүү 30%,

Англис тили абсолюттук жетишүү 83%, сапаттык жетишүү 41%,

Информатика абсолюттук жетишүү 93%, сапаттык жетишүү 58%,

Математика абсолюттук жетишүү 71%, сапаттык жетишүү 50%

Жалпы жыйынтык, абсолюттук жетишүү 84%, сапаттык жетишүү 34% дкп табылды.

Буга байланыштуу ар бир предметник студенттердин аталган предметтерден билим сапатын жогорулатуу максатында иш пландарды иштеп чыкты.

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Толгонай эжекенин анализин угуп көрдүк. Анда эмесе, ар бир окутуучу оЗ предметтеринен билим сапатын жогорулатуу боюнча иш чаралардын планын иштеп чыксын, кандай дейсиздер.

Баары –"Макул"

**3. Ар түрдүү маселелер.**

**Угулду: Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Аркабаев Нуркасым Кылычбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу кеңешменин катышуучулары, кимде кандай маселе бар?

1. **Сүйлөдү:**

**Окутуучу Эсенали кызы Гулзина,** бөлүмдүн коомдук иштеринин жооптууларын тактап алсак кандай дейсиздер.

**Сүйлөдү:**

**Ага окутуучу Орозов Максатбек Омурбекович,** Эн туура маселени көтөрдүнүз. 2023-2024-окуу жылына карата бөлүимдүн коомдук иштерин алып баруу үчүн жооптууларды дайындап алалы. Кайсы коомдук ишке кимдерди сунуштайсыздар.

**Сүйлөдү:**

**Окутуучу Асилбеков Тынчтыкбек Майрамбекович,** бөлүмдө аз эле окутуучу бар, баары эле жумуш аткарат го деп ойлойм.

Мобилдүүлүк боюнча Абжапар кызы Фарида, профком былтыркы боюнча Сыдыкова Наргул, профериентация боюнча Эсенали кызы Гулзина жагы калган иштерге жагы башкаларды сиздер сунуштаныздар.

**Сүйлөдү:**

Окутуучу, Сыдыкова Наргул Айдарбековна, Методсовет Жусуева Толгонай, Практика боюнча Исмаилова Айнура кала берсин.

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович, Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу кесиптештер, анда эмесе калгандарды да калган иштерге жооптуу кылып бүгүнкү кенешме менен бекители.

Баары- «Макул»

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович, Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу кенешменин катышуучулары, дагы суроо-сунуштар барбы?

Окутуучу, Жусуева Толгонай Сатаркуловна, урматтуу кесиптештер, ушул айдын усулдук кенешинин да маселесин карап койсок.

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович, Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу кенешменин катышуучулары, жогорудагы маселени добушка салсак.

Баары "Макул" каршы-жок, калыс-жок.

**Күн тартибиндеги маселелерди угуп талкуулап кенешме отуруму токтом кабыл алат.**

## ТОКТОМ

1. Бакалавр багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн квалификациялык иштеринин темалары жана жетекчилери бекитилсин.
2. 1-курстардын базалык билимин диагностикалоо боюнча маалымат канаатандырарлык деп табылсын. Кабыл алынган иш пландардын ишке ашышы камсыздалсын.
3. Бөлүмдүн коомдук иштери боюнча төмөндөгү окутуучулар дайындалсын жана функционалддык милдеттери тааныштырылсын.

а. Метод кенеш боюнча жооптуу- Жусуева Толгонай Сатаркуловна

б. Мобилдүүлүк боюнча жооптуу-Абжапар кызы Фарида

в. Тарбия иштери боюнча жооптуу- Кубанычбек уулу Орозали

г. Практика боюнча жооптуу- Исмаилова Айнур Тажибаевна

д. Профсоюздук комитет- Сыдыкова Наргул Айдарбековна

ё. Профориентация жана илимий иштер боюнча жооптуу- Эсенали кызы Гулзина

ж. Сайт боюнча жооптуу- Мирлан уулу Калыбек

4. Кабыл алынган токтомдун иш жузүнө ашырылышына программа жетекчилери жана түрк тилдүү мамлекеттер интеграциясынын бөлүм башчысы жоопкерилик алсын.

**Кенешменин төрагасы:** **Орозов М.О.**

**Катчы:** **Жусуева Т.С.**